**10.** Ырды жаттап алгыла.

Билим күнү китеп баасын түшүнүү,
Колго кармап кызык дүйнө барагын.
Чоң сыноого салып көргүн күчүнү,
Мен да сергип, ошол жолдо барамын.

Билимдүүлөр миң кылымды карытат,
Жаңы дүйнө жаңы заман кургандай.
Билим менен белгисизди багынтат,
Бүткүл дүйнө карап эле тургандай.

Билим менен көп нерсеге көз жетет,
Ал жетпесе, акыл менен сөз чечет.
Билимсиздер өзүн тайкы ойлошот,
Билимдүүлөр өзүн дайым бек сезет.

*М. Абылкасымова*

## § 3. Текст менен иштөө

**11.** Текстти окуп, мазмунун түшүнгүлө, сахналаштырып аткарууга аракеттенгиле.

### ҮЛҮШ — ЖАЙЛОО МАЙРАМЫ

Үлүш — кыргыздардын байыркы мезгилде өткөргөн жайлоо майрамы. Ар бир айыл жайлоого көчүп барганда, бээ байлашып, семиз кочкор байлашып, куйкалап союшуп, коңшу айылды (же урууну) мейманга чакырышкан. Аларды тосууга айылдын эли бүт даярданган.

Көк шибердин үстүнө жайылган кен дасторконго дүр-дүнүйө тамактар коюлуп, казандарда эт, самоорлордо чай, кайнап, чаначтарда кымыз буркурап, жайлоодо береке төгүлгөн.

Үлүш берем, той берем,
Тамашаны чоң берем, —

деген той ээлери келген меймандарды шаан-шөкөт менен тосушкан. Дасторкон үстүндө комуз чертилип, ырлар ырдалып, ар кандай дастандардан үзүндүлөр айтылып, элден чыккан жез таңдай акындар айтышып, эл кумарга баткан.

Кыргыз эли илгертен ат үстүндө ойноп өскөн эл болгондуктан, ат чабыш, кыз куумай, тыйын эңмей, эңиш, оодарыш,



**344.** Юмордун мааниси эмнеде?

— Эмне алганы келдиң? — деп азык-түлүк дүкөнүнө кирген кичинекей баладан сатуучу сурап калат. Анда бала китебин карап мындай дейт:

— Эсептеңиз. Мага 15 франктык кумшекерден 10 фунт, 19 франктык кофеден 4 фунт, 75 франктык майдан 2 фунт керек.

— Эсептедим, — деп жооп берет дүкөнчү.

— Канча болду?

— Алты жүз токсон болду. Эми акчаңды төлө, балам, — дейт дүкөнчү.

— Эгерде сизге 1000 франктык акча берсем, канчасын кайтарыпココбересиз? — деп сурайт бала.

— 310 франк. Мен шашып жатам. Акчаңды тез төлө, — дейт дүкөнчү. Бала чыгып бара жатып мындай дейт:

— Мен буларды сатып алайын дегеним жок. Бул биздин эртеңкиге берилген тапшырма. Мен эсепке өтө начармын.

## § 55. Тике жана кыйыр сөздүн тыныш белгилери (Знаки препинания в предложениях с прямой и косвенной речью)

**1. Тике сөз автордун сөзүнөн мурда келсе, үтүр жана сызыкча (,—) коюлат да, тырмакчага алынып жазылат.**

*"Т", — ав.* "Билимден кубаттуу күч жок", — деген М. Горький.

*"Т?"— ав.* "Сабакка барбайсызбы?"—деди Асан.

"Т!"— *ав.* "Бах, кандай сонун!" — деп чоң атам кубанды.

**Прямая речь перед словами автора:**

*"П", — ав.* "Спасибо, что все это рассказали", — глухим голосом сказал Олег *(А. Фадеев).*

*"П?"— ав.* "Интересно, что будут читать мои правнуки?" — писал Л.Толстой.

*"П!"—ав.* "Ой, датут глубоко!"— со смехом сказала она *(А. Фадеев).*

***2.* Тике сөз автордун сөзүнөн кийин келсе кош чекит (:) коюлуп, баш тамга менен башталып жазылат.**

*Ав: "Т".* М. Горький мындай деген: "Жаш жазуучулар адабиятты, тарыхты жакшы билүүлөрү керек".

**5.** Текстти окуп, мазмунун өз сөзүңөр менен айтып бергиле.

31-август — Кыргызстандын көз каранды эместигинин күнү.

1990-жылы 15-декабрдагы Кыргыз ССР Жогорку Советинин 2-сессиясында Кыргыз жумуруятынын көзкарандысыздыгы жөнүндө Декларация кабыл алынып, жумуруяттын көз каранды эместигинин күнү жарыяланды.

"Суверенитет" — бул мамлекеттин башкаларга көзкаранды эместигин гана билдирбестен, өзү жогорку бийликке ээ экендигин, өзүнүн ички жана тышкы иштерин өзү чечип, өз өнүгүүсүн өзү камсыз кылып, өзү үчүн жооп берет дегендикти билдирет. Ошентип, акыры эркиндикке жеткен жумуруятыбыздын көзкаранды эместигин дүйнөнүн 90дон ашуун мамлекети тааныды.

Кыргыз Республикасы БУУнун Генералдык Ассамблеясынын 46-сессиясында анын мүчөлүгүнө кабыл алынды. Кыргызстан Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча кеңешмеге катышуучу мамлекет болуп калды.

Ал эми 1992-жылдын 1-февралында борборубуз Бишкекте АКШнын, андан кийин Түркиянын, Кытайдын элчилиги ачылды. Ошентип, Республиканын эгемендик күнү 31-август жалпы элдик майрам катары тарыхыбызга кирди.

**6.** Суроолорго жооп бергиле.

1. Кыргыз жумуруятынын көзкарандысыздыгы жөнүндө Декларация качан кабыл алынды? Анда эмне жарыяланды?
2. "Суверенитет" деген эмнени билдирет?
3. Эркиндикке жеткен жумуруятыбызды дүйнөнүн канча мамлекети тааныды?
4. Кыргыз Республикасы кайсы уюмдун мүчөлүгүнө кабыл алынды?
5. Бишкекте кайсы өлкөлөрдүн элчиликтери ачылды?
6. Республикабыздын мамлекеттик эгемендик күнүн качан белгилейбиз?
7. Мамлекетибиздин Туусу качан, канчанчы жылы кабыл алынган?
8. Мамлекеттик Герб качан кабыл алынган?
9. Гимн качан, кайсы учурда ырдалат? Авторлору кимдер?



Орлов А. Пушкина встретясь с ним в Киеве. 3. Язык и до Киева доведет отвечал Пушкин Берегись берегись Пушкин чтобы не услали тебя за Дунай А может быть и за Прут (*Я. Л. Яковлев).*

**347.** Омоним сөздөрдү которуп, мааниси боюнча сүйлөм түзүп, жазгыла.

| | |
|---|---|
| Ат — ат — ат, | жай — жай — жай , |
| күн — күн, | күл — күл, |
| үй — үй , | түш — түш — түш, |
| бар — бар, | өт — өт, |
| кой — кой, | тил — тил. |

Үлгү: (стреляй — имя — лошадь) (этиш — зат атооч — зат атооч). Кайрат коён **атып** алды. Анын аты Нурмухамбет. Ал **ат** минип келди.

**348.** Ырды окуп, маанисин түшүнгүлө. Жөнөкөй жана татаал этиштерди көчүрүп жазгыла. Суроо бергиле.

САКЧЫ

Ай жылып көктөн нур төгүп, көрк берип,
Бой керип дарак термелип,
Үн безеп сайрайт бабырган, атпай таң,
Түн ээси болгон өндөнүп,
Автомат алып колуна, дайыма
Түн көзөп суунун боюнда.

Өлкөсүн жоокер күзөтөт, түн өтөт
Көп нерсе түшүп оюна,
Өбөктөп дарак термелет, сыр берет,
Өкүмүн чачып күн келет,
Өлкөнүн, чектин балбаны, ардагы,
Токойдо жалгыз бой керет.

*Р. Айталиев*

*сакчы*— здесь: пограничник
*ай жылып көктөн* — плывет по небу луна
*бой керип дарак термелет*— качаются высокие деревья
*үн безеп сайрайт*— поёт, не умолкая
*түн күзөп*— всю ночь напролет

**349.** Ырдын мазмунуна карата сүрөт тарткыла. Сүрөт боюнча жазуу жүзүндө аңгеме түзүп, тема койгула.

*- Урматтуу Аскар Акаевич, бардык президенттердин ичинен, биздин билишибизче, жеке сиз үчүн студенттердин жаңы жылдык балына катышуу салтка айланып калды. Бизге маалым болгондой, студенттер да сиз менен жолугушууну тынчсыздануу менен күтүшөт, өзгөчө сиздин жол көрсөтүүңүздү. Студент жаштар менен жакын болууга сизди эмне мажбурлайт?*

- Ооба, сиз муну туура белгилеп өттүңүз. Президенттикке шайлангандан бир жылдан кийин, мен өз демилгем боюнча жогорку окуу жайларынын ректорлоруна жыл сайын студенттик бал өткөрүү сунушун киргиздим. Биринчи студенттик бал ийгиликтүү өттү жана ошондон бери салтка айланды. Билесизби, мен өзүмдү түбөлүк студент катары эсептейм, анткени өмүр бою "кылым жашасаң -кылым үйрөн" деген акылман кеңешти карманам. Президенттигимдин биринчи жылдарында мен дайыма студенттерди, аудиторияларды сагынып жүрдүм: ал жерде таптакыр башка турмуш экенине макул болорсуз. Эгер мен азыр эмнеге өкүнөт десеңиз, азыр менде дарс окууга, студенттик аудиториялар менен байланышууга, андан демиме дем кошуп, жаңы бийиктиктерге кол сермөөгө мүмкүндүк жок. Мен алты жыл студент болдум, андан кийин 14 жыл студенттерди окуттум жана өзүм да алар менен бирдикте окудум. Жалпылаганда башаягы жашоомдун 20 жылы студенттер менен байланыштуу жана ошол жылдарымды өткөн жылдарымдын эң жакшысы деп эсептейм. Азыр деле мен студент сыяктуу бул шаңдуу майрамды - студенттик балды - чыдамсыздык менен күтөм. Мына канчанчы жолу бул балга мен эн чоң кубаныч менен баратам жана мен ага ар дайым абдан тыкандык менен даярданам, анткени бүгүнкү студенттер - бул Кыргызстандын эртеңкиси. Алар менен сүйлөшүү мага чоң дем берет, алардын көздөрүнөн мен оптимизмдин отун көрөм, аларда сулуулук жана билимдин жогорку чегине умтулуу бар. Биздин жаштар эң сонун! Мен биздин жаштар XXI кылымга чет элдик үч тилди өздөштүрүү менен, төртүнчү тил болгон компьютерди билүү менен кирүүсүн чын дилимден каалайм. Адам тилди канчалык көп билсе, ал ошончолук бай.

*Аскар АКАЕВ,*
*"Ачык сыр"*

IV

1. Достук жана кастык жөнүндө үчтөн кем эмес макал жазып, анын бирин чечмеле.
2. Мекен сакчысы жөнүндө ыр билесиңби? Жатка айтып бер.
3. Өзүң жараткан аңгемеден 2 сүйлөмгө морфологиялык талдоо жүргүз.

V

1. Кыргыз жергеси жөнүндө аңгеме жаз.
2. Берилген текстти котор (орус тилинен, кыргыз тилинен).
3. Мекенди коргоо жөнүндө бир нече макал жазып, чечмелеп бер.

**Тексттер**

МАКАЛДАР

1. Жанга күйгөн — жандай дос, жанга күйбөс — тандай дос.
2. Дос сыртыңдан мактар, душман көзүңө мактар.
3. Досуңдун ашын касыңдай же.
4. Досуңа сырыңды айтпа, досуңдун досу бар.
5. Дос, доско жаныңды кош.
6. Адам жылан жазданып укташы мүмкүн, а бирок досунун арам оюн билген адам уктай албайт.

ТАБЫШМАКТАР

1. Аалам аппак кийинет.

*(к.ш)*

2. Узун-узун уз келди,
Узун бойлуу кыз келди,
Жакалары жалтылдайт,
Бүткөн бою калтырайт.

*(к.ш)*

3. Аалам жашыл кийинет,
Элдин баары сүйүнөт.

*(ж.з)*

4. Коон, дарбыз желелеп,
Сары гүлдөр ачкан кез,
Сабиз, пияз баары өскөн
Кайсы убак ушул кез?

*(ж.й)*

5. Ыйласа жашы сел болуп акты,
Ак тонду алып, жашыл тон жапты.

Ачык айтышым керек, бирок кийинки мезгилдерде тоолордо болуу мүмкүнчүлүгүм азайгандан азаюуда. Мезгил-мезгили менен келишип, биздин тоонун бийик чокуларын багынтууну көздөшкөн россиялык окумуштуу-альпинист досторума мен ар дайым ыраазымын.

Кыязы, Кыргызстанды бекеринен Швейцарияга салыштырышпаса керек. Качан менден швейцариялык журналисттер, Кыргызстандын Швейцариядан айырмасы кайсы деп сурашканда, айырмасы бирөө гана: Швейцариянын алтындары банктарда жатат, ал эми биздин Кыргызстандын алтындары болсо, азырынча али тоолордо - деп жооп берем.

- *Сиз жубайыңыздын коомдогу активдүү ишмердигине кандай мамиледесиз?*

- Майрам Дүйшөновна коомдук ишмердикке караганда кайрымдуулук жана гуманитардык ишмердикке көбүрөөк салым кошууда. Ал чоң жигер менен "Мээрим" фондун - энелерди жана балдарды колдоо фондун уюштурду. Азыр алар кол кармаша гранттарды алууга жетишип, жетим балдарга жардам берүүдө, билим тармагын өркүндөтүү ишмердигине салым кошууда, жаш таланттарды колдоо жана курчаган чөйрөнү коргоо жумушуна колдорунан келишинче жардам көрсөтүшүүдө. Мен бул башталышты колдоймун жана ар дайым мындай иштерге катышууга аракеттенем. Ал эми менин жубайымдын активдүүлүгү жөнүндө айтсак, албетте, бул абдан жакшы, экономикалык туруксуздуктун азабын бизге караганда көбүрөөк тартып жаткан жетимдерге жана көп балалуу энелерге кайдыгер карай албагандыгы. Өткөн жылы ага ЮНИТИнин эл аралык сыйлыгын беришти. Албетте, мунун баары менин канагаттануу сезимимди ойготот жана "Мээрим" фондунун ишмердигине урмат менен мамиле кылууга чакырат.

- *Эгер жашырбасаңыз, жубайыңыз менен кайдан, кантип тааныштыңыз эле? Өзүңүз, үй-бүлөңүз, ата-энеңиз жөнүндө бир аз айтып берсеңиз.*

- Мында жашырчу эч нерсе жок. Ленинград, 1969-жыл, кыргызстандык студенттердин бизди тааныштырган ошол кечеси азыр дагы көз алдымда турат. 1970-жылы биз үйлөндүк да, андан аркы бардык кыйынчылыктарды чогуу көтөрдүк. Өзүбүздүкү жок болгондон кийин, биз ондогон квартираларды алмаштырдык. Ошого карабастан илимди үйрөнгөнгө, балдарды тарбиялаганга,



Вспомнили также утверждение генерал-лейтенанта Н. А. Королькова, исполнявшего дело туркменского генерал-губернатора, что во время пресловутого Андижанского восстания три года назад лишь благодаря Курманжан в Оше сохранялась спокойная обстановка и были предотвращены беспорядки в Оше и на Алае.

Выслушав, государь-император сделал глубокомысленное замечание:

— Инородческую аристократию следует поощрять. Но что пожаловать сей горной княжне? Может быть, пятьсот рублей? — Он выжидательно посмотрел на супругу.

— Деньги — не памятный подарок, — возразила императрица. — К тому же княжна, хоть и старуха, все-таки женщина. Подарим ей лучше перстень.

Натом и остановились. Специальным решением от 1 декабря 1901 года Николай II пожаловал Курманжан ценный подарок.

По прошествии некоторого времени кто-то из приближенных, более знакомый с нравами Востока, подал другой совет:

— Перстень для них — слишком буднично. Нужен необычный дар. К совету прислушались. Были призваны лучшие мастера по части точной механики и ювелирного дела. В январе царский подарок со специальным фельдфебелем переслали туркестанскому генерал-губернатору, оттуда 29 января 1902 года — военному губернатору Ферганской области, а последний в сопровождении казачьей охраны направил его начальнику Ошского уезда с предписанием организовать торжественную церемонию вручения подарка Курманжан.

Ошский уездный начальник преисполнился сознанием собственной значимости. В сопровождении конной стражи он 15 февраля 1902 года отбыл в селение Мады, что в 13 верстах от города Ош. Здесь в окружении многочисленных родственников доживала свои дни 90-летняя Курманжан.

В присутствии всех должностных лиц кыргызской администрации Алая, почетных аксакалов, под восторженный гомон огромной толпы сам начальник с глубоким поклоном вручил "царице" императорский дар: золотые дамские часы с изображением государственного герба империи с цепочкой, украшенные бриллиантами и розами.

Курманжан-датка разрумянилась от волнения. Она беспрестанно вытирала руками слезящиеся глаза и чуть слышно благодарила "ак падыша" за высочайшее внимание.

*А. Газиев*

поменяли десяток квартир, не имея собственной. И несмотря на это, мы находили время заниматься наукой, воспитывать детей, посещать театры и исторические места прекрасного города на Неве. Моя супруга всегда старалась создавать условия, чтобы я мог спокойно заниматься только наукой, а семейные обязанности полностью брала на себя. Все, чего я достиг, -это во многом заслуга моей супруги. У нас четверо детей, и их воспитанием в основном занимается она. Имена наших детей несут смысловое значение: Бермет - жемчужина, Айдар - маяк, Саадат - любовь, Илим - наука.

Хобби в нашей семье общее: собирание библиотеки и картинной галереи. Книги и картины - наше основное богатство. И если я о чем-то жалею, так это о том, что в молодости из-за недостатка денег и скитаний по квартирам мы вынуждены были сдавать лучшие книги букинистам.

Два раза в год нам удается собраться всем вместе. Это когда дети приезжают на каникулы. Мы, когда еще была жива мама, по традиции 1 января ездили к ней в село. Бабушке моих детей было 96 лет, но несмотря на такой возраст, до последних дней она сохранила исключительную память. Я всегда считал святой обязанностью помнить и заботиться о своих родителях.

*-Наверное, ваша мама восхищалась, что у нее такой сын?*

- Нет скорее всего, она еще больше переживала, болела душой и просила Аллаха, чтобы и у меня, и у кыргызского народа все было благополучно. Вообще судьба моих родителей была очень сложной. В 20-х годах мой отец, как потомок знатного рода, вынужден был скрываться в Казахстане и там встретил мою мать - она казашка. В годы сталинских репрессий отец больше года сидел в тюрьме, где потерял зрение и на всю жизнь был лишен возможности видеть этот прекрасный мир. Я, как младший сын, водил его в гости к аксакалам, и за чашкой чая они предавались долгим воспоминаниям. Умер отец в 1967 году, а еще раньше, в 1942 году, старший брат Кучер не вернулся с Отечественной войны, он погиб, защищая Ленинград. Мама достойно перенесла все тяготы жизни и еще смогла дать нам, четверым братьям, хорошее образование. В нашем доме книга всегда считалась священной вещью. Эту традицию мы передаем своим детям.



## Тесттер

1. Бөтөн сөздүн кандай түрлөрү бар?

   1. каратма сөз, сырдык сөз
   2. киринди сөз, тууранды сөз
   3. тууранды сөз, тике сөз
   4. тике сөз, кыйыр сөз

2. Өзгөртүп берилген бөтөн сөз кандай аталат?

   1. киринди сөз
   2. сырдык сөз
   3. каратма сөз
   4. кыйыр сөз

3. Эч өзгөрүүсүз берилген бөтөн сөздү кандай сөз дейбиз?

   1. сырдык сөз
   2. тике сөз
   3. каратма сөз
   4. кыйыр сөз

4. Бөтөн сөз деген эмне?

   1. өз сөзүбүз
   2. башка бирөөнүн сөзү
   3. тырмакчага алынып жазылган сөз
   4. жөнөкөй жазылган сөз

5. Эл макалында: «Билим алуу ийне менен кудук казганга салыштырылат» деген сүйлөмдө бөтөн сөз барбы?

   1. жок
   2. бар, эл макалында салыштырылат
   3. бар, билим алууийне менен кудук казганга
   4. бар, билим алуу ийне менен кудук казганга салыштырылат

6. Бөтөн сөз кандай жазылат?

   1. такай (всегда) тырмакчага алынып жазылат
   2. тырмакчага алынбай деле жазыла берет
   3. диалог түрүндө жазылат
   4. тырмакчага алынып, тырмакчага алынбай да жазылат

7. Бөтөн сөз кандай түрдө берилет?

   1. тике сөз, төл сөз түрүндө
   2. тике сөз, автордун сөзү түрүндө
   3. тике сөз, кыйыр сөз түрүндө
   4. кыйыр сөз түрүндө




Богатство ума - от науки и образования, а богатство души - всегда от культуры.

Акылдын кени - илим менен билимде, жан дүйнөнүн байлыгы - маданияттуулукта.


*А. Акаев*

Техника илимдеринин доктору, академик Аскар Акаевич АКАЕВ - эгемендүү Кыргыз Республикасынын тунгуч президенти.



Махмуд Кашгаринин "Диван лугат ат-турк" -"Түрк тилдеринин сөздүгү" аттуу китебинин фотофаксимилеси. 1990-ж., Анкара.

Фото факсимиле книга Махмуда Кашгари "Диван лугат аттюрк" - "Словарь тюркских языков", 1990 г., Анкара.



Жусуп Баласагындын "Кутадгу билиг" - "Кут даарытар илим" китеби. 1984-ж. латын жана араб жазуусунда жарыкка чыккан.

Книга Жусупа (Йусуф) Баласагуни "Кутадгу билиг" - "Благодатное знание", изданная в 1984 году на латинской и арабской графике.

Кашгари менен Баласагын замандаш болушкан. Бирок алар жолугушканбы, жолугушкан эмеспи белгисиз.



Биздин белгилүү замандашыбыз Т. Садыков эки улуу ойчулдун катар турган айкелин жасаган (Бул монумент Бишкек шаарындагы "Эл куту" комплексинде" 1995-жылы орнотулган).

Кашгари и Баласагуни были современниками, хотя мы не знаем, встречались ли они.

Наш знаменитый современник Т. Садыков изобразил великих мыслителей стоящими рядом (Этот монумент установлен в г. Бишкек в 1995 г., в комплексе "Эл куту").



6. Кыргыз улутунан чыккан "каныке" ким?

   1. Зууракан Кайназарова    3. Бүбүсара Бейшеналиева
   2. Керимбүбү Шопокова    4. Курманжан датка

7. Казактын даңкын чыгарган жазуучу ким?

   1. Ж. Садыков    3. Абай
   2. Ч. Айтматов    4. Т. Сыдыкбеков

8. Өмүр сакчысы ким?

   1. Т. Сатылганов    3. М. Адышев
   2. К. Маликов    4. И. Ахунбаев

9. Мекен сакчысы ким?

   1. Жазуучу    3. чабан
   2. Жоокер    4. соодагер

10. Аюунун баласы кандай аталат?

   1.чөндөлей    3. мамалак
   2. бөлтүрүк    4. Бачики

# 11-класс

## Урматтуу окуучулар!
## Жаңы окуу жылыңыздар менен!

Сиздери Билим күнүңүздөр менен куттуктайбыз!

### § 1. Билим күнү

«Кут белгиси — билим. Адептүүлүктүн башаты — тил».
*Катгари Махмуд*

Бүгүн эгемендүүлүккө ээ болгон Кыргыз Республикасынын бардык жарандары мамлекетибиздин күч-кубатын чыңдоого, аны коргоого (мисалы, XX кылымдын аягындагы Баткен окуялары) даяр болушу керек. Калкы эмгекчил жана билимдүү өлкө гана эл аралык кадыр-баркка ээ болот.

Даанышмандыктын сыры - бул эмгек,
Өжөрдүк жана сергек эс-акыл.
*Томас Эдисон*

"Илим - ийне менен кудук казгандай" деген ташка тамга баскандай таамай макалды жараткан касиеттүү кыргыз эли.

Кыргыз эли дүйнөлүк илимге, маданиятка кеңири таанымал окумуштууларды берди, аты ааламга жайылган жазуучуларды, артистерди, сүрөтчүлөрдү, скульпторлорду, дегеле искусство адамдарын жаратты. Эл аралык аренада аттын кашкасындай таанымал саясий ишмерлерди өстүрүп, жетилтип жатат.

Дүйнөлүк илим океанына орошон салым кошкон аалымдар (окумуштуулар) менен таанышып алалы!

1. Хусейиндин баласы, Мухаммедин Кашгари Махмуд.
2. Жусуп Баласагын.
3. Касым Тыныстанов.
4. Ишенаалы Арабаев.
5. Хусейин Карасаев.
6. Аскар Какеев.
7. Бүбүйна Орузбаева.
8. Виталий Ставинский.
9. Асанов Үсөн
10. Аскар Акаев.

8. Тике сөз деген эмне?

1. башка бирөөнүн сөзү өзгөртүлүп берилсе
2. автордун сөзү өзгөрүүсүз берилсе
3. айтуучунун сөзү эч өзгөрүүсүз берилсе
4. башка бирөөнүн сөзү эч өзгөрүүсүз берилсе

9. Кыйыр сөз деген эмне?

1. тике сөз өзгөрүүсүз берилсе
2. бөтөн сөз өзгөрүүсүз берилсе
3. башка бирөөнүн сөзү автор тарабынан өзгөртүлбөсө
4. төл сөз аркылуу берилсе

10. Орфографиялык сөздүктүн автору ким?

1. Х. Карасаев  3. Ж. Шүкүров
2. К. Юдахин  4. Б. Орузбаева

II

1. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө мыйзам качан кабыл алынган?

1. 1991-жылы  3. 1993-жылы
2. 1989-жылы  4. 1990-жылы

2. Улут болуунун негизги белгилеринин бири кайсы?

1. билим  3. конституция
2. тил  4. коом

3. Кыргыз тили теги боюнча кайсы тилге кирет?

1. иран  3. казак
2. кавказ  4. түрк

4. Бул макалды толуктагыла:
*Дос сыртыңдан ..., душман көзүңчө....*

1. өзгөртөр  3. сыйлар
2. мактар  4. бышыкта

5. Бул макалдардын ичинен достук жөнүндөгүсү кайсы?

1. Элиң сынганы — белиң сынганы.
2. Адам эли менен, каз-өрдөк көлү менен.
3. сырыңды айтпа, досуңдун досу бар.
4. Улууну укпаган узарбас.



Тексттини эки тилде окуп, мазмунун кыргызча айтып бергиле.

*- Аскар Акаевич, нам известно из российской прессы, вы занимаетесь альпинизмом.*

- Среди ученых всегда был популярен горный туризм и альпинизм. Я и сам лет 20 увлекался горами и за это время успел обойти пешком почти все лучшие заповедные уголки Кыргызстана. Но в последнее время, скажу откровенно, удается бывать в горах все реже и реже. Всегда рад моим российским друзьям ученым-альпинистам, периодически приезжающим покорять наши горные вершины.

Видимо, не случайно Кыргызстан сравнивают со Швейцарией. Когда меня швейцарские журналисты спрашивают, в чем же отличие Кыргызстана от Швейцарии, я отвечаю, что разница только в одном: золото Швейцарии лежит в банках, а кыргызское золото - пока еще в горах.

*- А как вы относитесь к активной общественной деятельности вашей супруги?*

- Майрам Дуйшеновна занимается не столько общественной, сколько благотворительной и гуманитарной деятельностью. Она с большим энтузиазмом организовала фонд "Мээрим" - фонд поддержки материнства и детства. И теперь они сообща пробивают гранты, помогают детям-сиротам, занимаются образовательной деятельностью, проводят все возможные мероприятия по защите окружающей среды и по поддержке юных талантов. Я приветствую эти начинания и всегда стараюсь лично принять в них участие. Что касается активности моей супруги, так ведь это очень хорошо, что она не может равнодушно относиться к детям-сиротам и многодетным матерям, которые больше нас страдают от экономической нестабильности. В прошлом году ей была вручена международная премия ЮНИТИ. Конечно же, все это у меня вызывает чувство удовлетворения и уважительного отношения к деятельности фонда "Мээрим".

*- Если не секрет, где и как вы познакомились со своей супругой? Расскажите немного о себе, о своей семье и родителях.*

- А что в этом секретного? Ленинград, 1969 год, как сейчас, помню тот вечер встречи студентов-кыргызстанцев, на котором мы с ней познакомились. В 1970 году мы поженились и в дальнейшем вместе переносили все тяготы жизни. Наверное, мы

## ЫСЫКАТА КУРОРТУ

Бул курорт кыргыз Алатоосунун түндүк капталындагы Ысыката капчыгайында деңиз деңгээлинен 1775 метр бийиктикте жайгашкан. Жергиликтүү эл аны "Арашан" деп аташат. Мындагы минералдуу суулардын дарылык касиети илгертен эле жергиликтүү элге белгилүү болгон. Суунун химиялык анализи алгачкы жолу 1880-жылы жүргүзүлгөн. Алгачкы курулуштар 1891-жылы Орусиянын "Кызыл Крест" коому тарабынан курулган. Курорт терең капчыгай ичинде жайгашкандыктан, атмосфера басымы төмөн, аба ырайында кескин өзгөрүүлөр болбойт. Курорттун табигый шарты кооз: суу жээгинде чычырканак, бөрү карагат, ит мурун ж.б. бадалдар аска-зоокалуу тоо капталдарында суналып, шалбаасы жыш өскөн, кызыл-тазыл гүлдөрү, арча токою. Климаты — континенттик. Кышы жылуу, январдын ортосунда температурасы — 6 С°. Жайы салкын, июлдуку 16 С°. Күзү кургакчыл, күнөстүү.

Курортто нерв системасы, кыймыл-таяныч органдары, гинекологиялык жана урологиялык оорулар менен жабыркагандар дарыланышат.

## КАЛП

Бир күнү айлыбыз ууга чыкты. Айлыбыз ууга чыккандан кийин мен да чыктым. Бир жерде калың карагай турган экен. Калың карагайды аралап бара жатсам, бир кашка чымын жаткан экен. Ушул чымындын колунда отун алуучу балтасы бар экен. Ошол жерде келберсип, эки бутун карагайга арта салып, башын бир карагайга жөлөй салып жаткан экен.

## АЛДАР МЕНЕН ШАЙТАН

Бир күнү Шайтан сураптыр Алдардан:

— Сен эмнеден коркосуң?

— Май менен куруттан. Алар бар жерде туралбаймын.

—А сен эмнеден коркосуң? — деп сурайт Алдар Шайтандан.

— Мен бир гана оттон коркомун, — дейт ал.

Шайтан Алдарды коркутуп, өзүнөн бөлмөк болот да, май менен курутту Алдардын жанына үйүп салат. Түндүн бир тобу өткөн кезде Алдар ойгонот да, курут менен майды жеп коёт. Анан Шайтан жаткан жерге айланта отун жыят да, от коюп жиберет. Шайтан тура калып качып жөнөйт. Ошентип Алдар Шайтанды алдап, бир тоюп алган экен.



*- Уважаемый Аскар Акаевич, из всех президентов, которых мы знаем, именно для вас стало традицией лично принимать участие в новогодних студенческих балах. И, как нам известно, студенты с нетерпением ждут встречи с вами и особенно вашего напутствия им. Что заставляет вас быть ближе к студенческой молодежи?*

- Да, это вы правильно подметили. Через год после моего избрания Президентом я по своей инициативе предложил ректорам вузов ежегодно проводить студенческий бал. Первый студенческий бал прошел успешно, и с той поры он стал традицией. Знаете, я себя считаю вечным студентом, потому что всю жизнь придерживаюсь мудрого совета: "Век живи - век учись". Первые годы на посту президента я всегда скучал по студенчеству, аудиториям; согласитесь, там совсем иная жизнь. Если о чем я и сожалею, так это о том, что теперь я не имею возможности читать лекции, общаться со студенческой аудиторией, которая дарит человеку вдохновение и стимул к познаниям. Я шесть лет был студентом, затем лет 14 учил студентов и сам учился вместе с ними. В общем итоге 20 лет моей жизни связаны со студенчеством, и эти годы я считаю самыми лучшими. И теперь я тоже, как студент, с нетерпением жду этого веселого праздника - студенческого бала.

Вот уже который год я иду на этот бал с большой радостью и всегда тщательно к нему готовлюсь, потому что сегодняшние студенты - это будущее Кыргызстана. Общение с ними меня очень вдохновляет, в их глазах я вижу огонь оптимизма, красоты и высокое стремление к знаниям. Замечательная у нас молодежь! И я от всей души желаю, чтобы наша молодежь вошла в XXI век со знанием 3 иностранных языков, а четвертый язык - это язык компьютера. Чем больше человек знает языков, тем он богаче.

*Аскар АКАЕВ*
*"Откровенный разговор"*

*- Аскар Акаевич, бизге сиздин альпинисттик кыларыңыз россиялык прессалардан белгилүү.*

- Окумуштуулар арасында ар качан тоо туризми жана альпинизм белгилүү болчу. Мен өзүм 20 жыл тоого кызыктым жана ушул аралыкта Кыргызстандын булуң-бурчтарындагы эң жакшы коруктарын дээрлик жөө кыдырып чыкканга үлгүрдүм.

Жашыл тонго көз жашы агып,
Түрдөнүп-түрдөп саймасын сайды,
Бул кандай сулуу, кана, ким тапты?

*(ж.з)*

6. Кар эриди, кар кетти,
Жердин бети көгөрдү,
Ким ойлоду, ким тапты?
Байчечекей төрөлдү.

*(ж.з)*

## УЛУТТУК ҮРП-АДАТТАР. ҮЙЛӨНҮҮ ТОЮ

**1. Кудалашуу.**

Болочок кыз-күйөө өз ара тил табышып алышканын ата-энелерине билдиришип, алардын макулдугун алышат. Мындай учурда эки тарап той, сеп берүү күнүн дайындашат. Үйлөнүү тоюн өткөрүү күнүн белгилешип, тойго камына башташат.

**2. Кызды узатканда.**

Той адегенде, сөзсүз түрдө, кыздын үйүнөн башталып, күйөөнүн үйүндө аяктайт. Күйөө колуктусун алуу үчүн жолдоштору менен кыздын үйүнө барат.

Күйөө жолдоштор кыздын үйүнө жакындап калганда, кезектешип ырдай башташат. Кыздын жеңеси: "Үйгө киргиле",— деп чакырмайынча, алар ырдай беришет да, ыр бир нече саатка созулат. Үйгө киришкен соң, баары бирге дасторконго отурушат. Түркүн тамактар тогуз табакка салынып келет, күйөө жолдоштор ар бир табакка акча ташташат. Мындан кийин күйөө балага кыз тарабы даярдаган жаңы кийимдер кийгизилет да, кыздын энеси, эжелери: "Сарпай кут болсун!" — деп тыйын чачышат. Кызды узатаарда энеси жана эже-сиңдилери кыз менен коштошуп, насаат мааниде кошок айтышат. Кыздын ата-энеси анын тебетейин алып, өзүнүн кичүү сиңдисине кийгизет, узап жаткан кызына шөкүлө кийгизет. Айылдаштары, туугандары кызга бата берип, узатышат.

## ЦАРСКИЙ ДАР

Как-то осенью 1901 года в Царском Селе состоялась беседа. Участниками ее были сам государь Николай II, его супруга-царица и несколько важных придворных чинов.

Царю докладывали о делах в Средней Азии. Попутно была отмечена большая роль "Алайской царицы" Курманжан датхи в иресечении мятежных настроений среди кочевников Алая.



Невадагы кооз шаардын театрларына жана тарыхый жерлерине барууга убакыт тапчубуз. Жубайым менин илим менен алектенүүмө жакшынакай шарт түзүп берүүгө ар дайым аракеттенчү, үй-бүлөлүк түйшүктү өз мойнуна алчу. Азыр мен эмнеге жетишсем - бул көп жагынан менин жубайымдын эмгеги. Азыр төрт балабыз бар, аларды тарбиялоо жагын негизинен ал өзү жүргүзөт. Балдарыбыздын аттары дагы өзүнчө мааниге ээ: Бермет - асыл таш, Айдар -маяк, Саадат - сүйүү, Илим - илим. Үй-бүлөбүздүн хоббиси жалпы: китепкана чогултуу жана сүрөт галереясын түзүү. Биздин негизги байлыгыбыз сүрөт жана китеп. Менин азыр ичимди ачыштырган бир өкүнүч жаш кезибизде акчанын тартыштыгынан жана квартирадан квартирага көчүп жүргөндүктөн, жакшы китептерибизди букинистке өткөрүүгө аргасыз болгонубуз.

Жылына эки жолу биздин бардыгыбызга бирге болууга шарт түзүлөт. Ал - балдарыбыз каникулга келген учур. Апам тирүү кезинде, 1-январда, ага айылга баруу салтка айланган. Балдарымдын чоң энеси 96 жашта эле, ошончо жашына карабастан, акыркы күнүнө чейин жакшынакай эс-акылын жоготкон жок. Мен ар дайым өзүмдүн ата-энеме кам көрүүнү ыйык милдетим деп түшүнчүмүн.

*- Балким, сиздин энеңиз сиздей уулу менен сыймыктанчудур?*

- Жок, тескерисинче ал көбүрөөк санаа тартчу. Жүрөгү менен ооруп, менде жана кыргыз элинде бардыгы жакшы болсо экен деп кудайдан тилечү. Дегинкисин айтканда менин ата-энемдин тагдыры өтө оор болду. 20-жылдары атам, ак сөөктөр тукумунан болгондуктан, Казакстанда жашырынууга аргасызданган, ошол жерден менин апам менен таанышкан - ал казак кызы. Сталиндик репрессия жылдарында бир жыл түрмөдө отуруп, азиз болуп, калган өмүрүндө бизди курчаган ажайып дүйнөнү көрүү мүмкүндүгүнөн ажыраган. Мен үйдөгү балдардын кичүүсү болгондуктан, аны карыялардыкына конокко жетелеп барчумун, ошол жерде чай үстүндө алар узун эскерүүлөргө киришчү. Атам 1967-жылы өлдү, андан мурда, улуу агам Кучер Ленинградды коргоодо, Ата Мекендик согушта 1942-жылы курман болду. Агам бардык оорчулукту кайраттуулук менен жеңип, бизге, төрт бир тууганга, жакшы билим берүүгө жетишти. Биздин үйдө китеп ар дайым ыйык буюм катары эсептелчү. Ал салтты азыр биз балдарыбызга өткөрүүдөбүз.

**350.** Макалдарды окугула да, маанисин түшүндүрүп бергиле.

Баатыр — орток, кут — жалгыз.

Баатырды жоону жеңгенден кийин макта, тамакты бойго сиңгенде макта.

Баатырдык билекте эмес, жүрөктө.

Адамды бузган, кайрымсыз кылган — бийлик менен байлык.

Сокку канчалык күчтүү болсо, душман ошончолук басынат.

Токой — тоонун көркү, эр — элдин көркү.

Тоонун түбү бек болор, баатырдын түбү эл болор.

Эл менен эрегишпе, баатыр (эр) менен жоолашпа.

Эр намысы — эл намысы.

Эрдин күчүн эл сынайт.

Эрдин күчү чептен бек.

## § 56. Чейректик кайталоо

### Окуучулардын билим деңгээлин текшерүү

1. Текшерүү иши (оозеки, жазуу).
2. Тест.
3. Текшерүү, көрүү, эркин, чыгармачылык диктанттарды жаздыруу.

### Текшерүү иши

I

1. Эс алуучу жайлардын бири боюнча аңгеме түз.
2. Берилген текстти көркөм окуп, мазмунун айтып бер.
3. Тексттен этиштик сөз айкаштарын тап.

II

1. Туулган жериң эмнеси менен барктуу жана баалуу? Аңгемелеп бер.
2. Берилген текстти көркөм оку.
3. Берилген сөздү катыштырып тике жана кыйыр сөз түзгүлө.

III

1. Боордош элдеринин белгилүү жазуучуларынын бири жөнүндө аңгемелеп бер.
2. Жаттаган ырыңды эсиңе түшүрүп, жаз.
3. Берилген диалогдон төл жана бөтөн сөздү тап.



# I ЧЕЙРЕК

## § 2. X класста өтүлгөндөрдү кайталоо

! **1.** Эсиңерге түшүргүлө.

1. Татаал сүйлөм деген эмне?
2. Багыныңкы сүйлөмдүн кандай түрлөрүн билесиңер?
3. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөр жана анын түзүлүшү жөнүндө айтып бергиле?
4. Тең байланыштагы татаал сүйлөмдөр жана анын түзүлүшү жөнүндө айтып бергиле?
5. Тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн айырмасын айтып бергиле.
6. Байламталуу жана байламтасыз тен байланыштагы татаал сүйлөм деген эмне?

**2.** Ырды жаттап алгыла.

КЫРГЫЗ ЭЛИ

Өз алдынча эл болду,
Өзгөлөргө тең болду.
Кызыл туулуу кыргыз эл,
Кут жерине ээ болду.

*Р. Айталиев*

**3.** Кыргыз туусу жөнүндө өз сөзүңөр менен айтып бергиле.

**4.** Ырды көркөм окуп, тыныш белгилеринин коюлушуна көңүл бургула.

КЫРГЫЗ ТУУМ

О, кудурет!
Чын элеби, төгүнбү?!
Бир көргөнүм:
Түшүмбү же өңүмбү?!
Тээтигине,
Обологон мейкинде,
Желбиреген
Кыргыз туусу көрүндү,
Өткөн күндөр
Эске түшүп кылт этип,
Бир заматта
Санаам санга бөлүндү...
Көрөр күнүм,
Ичер суум бар экен,
Чөгө бербей,
Көтөрөйүн көңүлдү.
Тоо шаңкайып,
Асман чайыттай ачылып,
Үбөлөнүп
Ободон нур төгүлдү.

*А. Токтомушев*

**Прямая речь после слов автора:**

*Ав: "П".* Тут Мишка говорит: "Не надо спорить. Сейчас я попробую" (В. Драгунский).

*Ав: "Т?"* Бугу эне баланы жанына чакырды: "Кимдин баласысың?"

*Ав:* "Т!" Бала маралга жалынды: "Мүйүздүү Бугу эне!"

*Ав:* "*П?*"Аленка говорит: "Спорим, не пойдем?"

*Ав:* "*П!*"Мишка кричит. "Здорово получается!"

**3. Автордун сөзү тике сөздүн ортосунда берилсе, тике сөз толугу менен ("...") тырмакчага алынат да, эки жагынан тең үтүрлүү сызыкча менен ажыратылат.**

*"Т, — ав, — Т".* "Адамдын бардыгында эки түрдүү кемчилик болот, — дейт В.Белинский, — бирөө өзү менен кошо жаралса, экинчисин жугузуп алган."

*"Т?— ав, — Т"* "Саламатсыңарбы, балдар!—деди мугалим, — азаматсыңар!"

*"Т, —ав, — Т"* "Кечиресиз, — деди жолоочу, — Славян мектебин кантип тапсам болот?"

**Прямая речь разрывается словами автора:**

*"П, —ав, — П?"* "Послушайте, товарищ Лопскин,—возмутился я,— вы где-нибудь учились?"

*"П, — ав, —П".* "Гуси летят, — с удовольствием говорит Ростовцев, — сейчас целый косяк видел".

*"П? — ав.— П!"* "Что вы говорите? — воскликнула Марья Гавриловна. — Как это странно!"

*"П! —ав.— П".* "Здравствуйте, товарищи! — крикнул он им. — Здорово".

**345.** Диалогду ролго бөлүп окугула. Тыныш белгилерине көңүл бургула.

— Таалайлуу болгуң келбейби?

— Таалайлуу? Таалайлуу болгондо эки жандуу болобу?

— Жок.

— Анда мага таалай ушундай жазылган. Жашоонун өзү таалай.

— Кой артында жүрүп карып кеткендин эмнеси таалай?

— Бирөө эл менен кошо эмгектенет, бирөө мал багат. Экөө тең таалай.

*Н. Байтемиров*

**346.** Сүйлөмдөрдү окуп, тыныш белгилерин койгула. Которгула.

1. Бул жол кайда барат деп сурады мен эс тартканы бул жол ушул жерде эле жатат деди Апенди. 2. Как ты здесь спросил



**7.** Суроо бергенге үйрөнөлү.

- ...?

— 1991-жылы 31-августа Кыргызстан көзкарандысыз өз алдынча мамлекет болуп жарыяланган.

— ?

— Кыргыз Республикасы БУУнун Генералдык Ассамблеясынын 46-сессиясында анын мүчөлүгүнө кабыл алынды.

— ...?

— Борборубуз Бишкекте АКШнын, Түркиянын, Кытайдын элчиликтери ачылды.

— ...?

— Биздин Мамлекеттик Туубуз 1992-жылы кабыл алынган?

— ...?

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Герби 1994-жылы 14-январда кабыл алынган.

— ...?

— Гимн — мамлекетти, өлкөнү даңктаган салтанаттуу ыр. Кыргыз Республикасынын Гимни салтанатта ырдалат. Сөзүн Ж. Садыков менен Ш. Кулуев жазган. Музыкасы Н. Давлесов менен К. Молдобасановдуку.

**8.** Текстти окуп, түшүнгөнүңөрдү өз сөзүңөр менен айтып бергиле.

## БИЛИМ КҮНҮ

Сентябрь — Билим күнү. Билим күнүн 1996-жылдан бери белгилеп келе жатабыз.

Эл куту, улут унгусу болгон Түгөлбай Сыдыкбеков илим-билим жөнүндө төмөндөгүдөй сөздөрдү бизге насаат калтырган:

"Дүйнөнүн чырагы — билим", "Чырак өчсө, үй караңгы. Илим өчсө, эл караңгы", "Илимдин эң улуусу — адам өстүрүү!"

«Илимдин үч булагы - элдин өткөн күнү, бүгүнкү жашоосу жана эртеңки басар жолу».

**9.** 10-класстарда өтүлгөн материалдардан билим жана илим жөнүндө 3төн кем эмес макал жазып, аны чечмелегиле.